# Аз. Пайгамбардын таалим-тарбиялык маанидеги жүрүм-турумдарынын азыркы доорубузга чагылдырылган тараптары

**Yard. Doç. Dr. Şükrü Keyifli***

**Dokuz Eylül Üniversitesi İlahiyat Fakültesi/TÜRKİYE**

## ÖZET

Geçmişte eğiticilik görevi yapmış eğitimcilerin, eğitim uygulamaları hakkında bilgi edinilmesi, eğitsel geleneğin zamanımıza taşınması bakımından oldukça önemlidir. Bu bağlamda kendisini bir eğitici olarak tanımlayan Hz. Peygamber'in eğitim uygulamalarının başta günümüz din eğitimcileri olmak üzere tüm eğitimciler tarafından bilinmesinin de eğitime önemli katkı yapacağına inanıyoruz. Bu nedenle onun eğitici davranışlarından üç temel yaklaşımını günümüze aktarmayı düşündük. Bunlar İnsan merkezli yaklaşım, güven anlayışı ve metotlu eğitimdir. Bu çalışmanın, içeriği, sözünü ettiğimiz bu üç yaklaşımın ele alınması olarak belirlenmiştir.

İnsanların kimler tarafından, nasıl eğitildiği konusundaki sorular, ister istemez öğretmeni çağrıştırmaktadır. Geçmişte öğretmenlik mesleğini yerine getirerek kalıcı izler bırakmış olan öğretmenlerin, eğitici davranışlarının bilinmesi, günümüzdeki eğitim ve öğretim hayatına önemli katkılar sağlayacaktır. Bu nedenle biz bu çalışmamızda Hz. Peygamber'in eğitim uygulamaları üzerinde durmaya çalışacağız. Ancak önce, eğitim sürecinde öğretmenin yeri ile ilgili kısa bir bilgi vermeyi uygun görüyoruz. Daha sonra da hz. Peygamber'in eğitim uygularlarından söz edeceğiz. Ardından Hz. Peygamberin eğitiminin temel teorisini oluşturan; İnsan merkezli eğitim yaklaşımı, kişisel güvenilirlik ve metotlu eğitim uygulamalarından örnekler sunacağız.

**Anahtar Kelimeler:** Eğitim, Din eğitimi, İnsan merkezli yaklaşım, Güven anlayışı, Hz. Peygamber, Öğretmenlik mesleği.

Өтмүштө тарбиячылык кызматын өтөгөн тарбиячылар тарбияны кантип жүзөгө ашыргандыктары жөнүндөгү маалыматка ээ болуу, тарбиялык салттардын азыркы күнгө жеткирилиши үчүн өтө маанилүү болуп эсептелет. Ошону менен катар эле өзүн тарбиячы катарында көрсөткөн. Аз. Пайгамбардын тарбияны кантип жүзөгө ашыргандыгы эң биринчиден азыркы күндөгү диний тарбиячылар менен бардык педагогдор тарабынан таанылуусу педагогикага маанилүү салым кошоруна ишенебиз. Ошондуктан анын тарбиялык маанидеги жүрүм-турумдарынын негизги үч тарабынан азыркы күнгө чейин чагылдырып берүүнү туура көрдүк.

Булар негизинен борбордо адам орун алган ыкма, ишенич түшүнүгү жана методикалык тарбия. Бул эмгектин маани-манызы жогорудагы үч ыкманы кантип колдонуу болуп саналат.

Тарбия, дин педагогикасы (тарбиясы), борбордо адам орун алган ыкма, ишенич түшүнүгү, азирети пайгамбар, мугалимдик кесип деген сөздөр эмгегибиздин ачкыч сөздөрү болуп эсептелет. Адамзаттын ким тарабынан тарбиялангандыгы жана кандай тарбиялангандыгы каалааса да, каалабаса да мугалимди көйгөйгө салат. Өтмүштө мугалимдик кесипти аркалап,

* Kırgızistan Oş Devlet Üniversitesi İlahiyat Fakültesi Misafir Öğretim Üyesi.

түбөлүктүү из калтырган мугалимдердин тарбия берүүчү жүрүм-турумдарынын таанылышы азыркы күндөгү тарбия жана билим берүү тармагына маанилүү салым кошо алат. Ошондуктан биз өз эмгегибизде Аз. Пайгамбардын таалим-тарбия ишин кантип жүзөгө ашыргандыгы жөнүндө кеп кылмакчыбыз. Бирок бул жөнүндө айтуудан мурда тарбияны иш жүзүнө ашыруудагы мугалимдин ролу жана ага байланышкан маалыматтарды берүүнү туура көрдүк. Андан сон Аз. Пайгамбардын тарбиясы жөнүндө кеп козгомокчубуз. Дагы кийинчерээк Аз. Пайгамбардын тарбиясынын негизги теориясын түзгөн адам борбордо орун алган ыкма, инсандык ишенич жана методикалык тарбияларга мисал келтире кетебиз.

**Мугалимдик кесип**

Ар кандай тарбия иш-аракеттеринин борборунда мугалим турат. Мугалимсиз тарбия жөнүндө түшүнүү мүмкүн эмес. Тарбия менен мугалим ар дайым бирге эскерилет. Мугалим же тарбиячылар инсандардын он сапатка, үлгүлүү жүрүм-турумга ээ болуусуна эн көп салым кошкон адамдар болуп саналышат.

Мугалимсиз тарбия ийгиликтүү болуусу мүмкүн эмес. Бул көз караштан алганда таалим-тарбия берүү системасынын ийгиликтүү болуусу мугалимдин жүрүм-турумуна жана таалим-тарбияны иш жүзүнө ашыруусуна байланыштуу. Ошондуктан окутуучулук кесиптин маанилүүлүгү күндөн-күнгө артып баруудa. Орто кылымдардагы окутуучулук түшүнүгү, мугалимдин милдетинин аныктамасы, окуучу борбордон орун алган тарбия ыкмасына өнөр жайлаштыруу доорлорунда өзгөртүүлөр киргизилген[1]. Мисалы классикалык доордо, тагыраак айтканда мугалим борбордон орун алган доордо мугалим деген сөздүн аныктамасы бир гана үйрөтүү мааниси менен чектелсе, азыркы жаны доордо тарбия түшүнүгүндө, тагыраак айтканда окуучу борборго коюлган таалим-тарбия түшүнүгүндө мугалимдин милдеттери кайрадан аныкталган. Ал милдеттердин арасына жол көрсөтүү, башкаруу жана текшерүү милдеттери да киргизилген. Ошентип тарбия менен мугалимдин ортосундагы байланыш дагы да бекемделген. Мугалим тарбиянын негизги элементи болуп калган.

Мугалим-тарбиянын ажырагыс бөлүгү, ал эми практикалык тарбия болсо, ошол мугалим аркылуу ишке ашырылат. Мугалимди тарбиянын төрүнө отургузган себептердин бири-тарбиянын жана мугалим аркылуу каралган он сапаттардын жогорку денгээлде болуусу. Ар бир адам таалим-тарбия алуу укугуна ээ. Бул укукка ээ болуу, аны пайдалана билүү каалоосу таалим тарбиядан күтүлгөн он жана жогорку сапаттарга байланыштуу. Таалим тарбиянын он сапатка ээ болуусу тарбиялоочуну, тагыраак айтканда мугалимди да ыйыктык даражасына көтөрөт жана тарбия менен мугалимди ажырагыс бүтүндүк катарында көрсөтөт[2].

---

[1] Mustafa Ergun, ***Eğitim Sosyolojisine Giriş***, Ocak Yayınları, Ankara, 1994, s. 145.
[2] Ergun, a.g. y. s. 145.

Акыркы мезгилдерде тарбияланууучулар менен тарбиялоочулардын ортосундагы байланышты аныктоо үчүн экономикалык терминдердин колдонулуп келе жаткандыгына күбө болуудабыз. Бул багытта «тарбиянын өндүрүш күчтөрү жана каражаттары», «тарбиянын үрөндөрү», «тарбиянын өнөр жай товарлары» деген түшүнүктөрдү колдонууга туура келди [3]. Таалим-тарбия берүү системаларынын мүнөздөмөлөрү жөнүндө талаш-тартыш болуп жатканда ал системаны өндүргөн адамдарга, тагыраак айтканда, үрөнчүлөргө көбүрөөк маани берүү керек экендиги тастыкталды. Ошентип тарбиянын өндүрүмдүүлүгү үрөнчүгө, үрөндүн сапаты мугалимге карап баалана баштады. Таалим-тарбия берүү системасынын башкы кызматчысы болгон мугалим тарбиянын негизги өзөгү болуп калды.

Таалим-тарбия берүүдөгү негизги максаттарды сапаттуу мугалимдер аркылуу жүзөгө ашырууга болот. Сапаттуу мугалим сапаттуу тарбияны, сапаттуу тарбия болсо инсандын акылын бекемдейт. Бул көз караштан караганда таалим-тарбия берүү системалары максат кылып алган инсандын моделин түзүүдө мугалимдин жетишкендиктери көбүрөөк талап кылынат.

Педагогика илиминде көп колдонулуучу «Балага эмнени үйрөтүшүм керек? Кандай үйрөтүшүм керек[4]?» деген суроолор түздөн-түз же болбосо кыйыр түрдө мугалимди кызыктырат. Мугалимсиз тарбиянын болушу мүмкүн эмес экендиги табигый көрүнүш. Бирок акыркы мугалимдерде өнүккөн технологиянын мүмкүнчүлүктөрү; таалим-тарбия берүү багытында пайдаланууга сунушталган көрүү жана угуу каражаттарынын, компьютер шарттарында жасалган файлдык программалардын пайда болуусу көптөн бери колдонулуп келе жаткан окутуу системаларындагы мугалимдин таалим-тарбия берүүдөгү классикалык абалын четке чыгарууда. Бул багытта технологиялык жана техникалык өнүгүүлөрдүн маалыматтарынын тарбия берүүдө да колдонуу пикири-педагогикада мугалимдин таасирдүүлүгүн четке чыгара турган көрүнүштөрдүн бири.

Таалим-тарбия берүү системасынын техникалык жана технологиялык өнүгүүлөрдүн пайдалануусу терс көрүнүш эмес[5]. Мугалимдер да бул каражаттардан көбүрөөк пайдалануусу жана маалыматтарга ээ болуусу зарыл. Бул көз караш боюнча мугалимдик кесип менен технологиялык өнүгүүлөрдүн арасында карама-каршылык жок. Карама-каршылыктын болуусу да мүмкүн эмес. Тескерисинче технологиялык өнүгүүлөр үйрөтүүнү жеңилдештирүү мүнөзүн ээ болгону үчүн керек болсо бул каражаттар зарылдык, муктаждык. Ушул тарабынан алганда мугалим менен технологиялык каражаттарды бири-бирине карама-каршы коюу туура эмес. Учурда технологиянын өнүгүүсү менен бирге тарбия берүүдө инсанга караганда, тагыраак айтканда, мугалимге кечээкиге караганда бүгүн көбүрөөк муктаждык туулууда. Себеби адамдарга сүйүүнү, урматтоону, жийиркенүүнү, боор ооруну, башка бирөөлөрдүн укугуна урмат менен

[3] İ.Ethem Başaran, ***Eğitim Psikolojisi***, Ankara, 1998, s. 223.
[4] Hilmi Ziya Ülken, ***Eğitim Felsefesi***, Ankara,1967, s.18
[5] Mustafa Ergun, s. 222.

кароону, адамдар менен кандай иш алып барууну бир гана мугалим үйрөтө алат. Окуучулар менен болгон сезимтал байланышты да бир гана мугалимдер камсыз кыла алышат. Окутуучулук деген бир гана маалыматты мээге жиберүү иши эмес, ал деген бир эле учурда сезим жана жүрүм-турумдар тарбиясын да берүү ишин түшүндүрөт. Окуучулар бир гана үйрөнгөн нерселери аркылуу гана тарбияланбайт, алар өз мугалимдеринин жүрүм-турумдарын өзүнө модель кылып алуу менен он сапаттарга ээ болушат. Мугалим класста өзүнүн жест-мимикалары, кылык-жоруктары, жүрүм-турумдары, сезими жана ойлору аркылуу тарбия берүүчү адам. Ошондуктан байланыш жана технология багытындагы өнүгүүлөр таалим-тарбия берүү жаатында да колдонула баштады. Бирок бул абал кантсе да мугалимдин маанилүүлүгүн төмөндөтө албайт.

Инсандар улут болуп куралгандан баштап өздөрүнүн алдына таалим-тарбия берүү, окутуу проблемаларын бетме-бет коюп келишкен. Ар бир коомдун өзүнүн тарбия берүү мекемеси болгон. Маданий жана прогрессивдүү деп мүнөздөлгөн коомдордун өнүгүүлөрү үй-бүлө жана мугалим аркылуу ишке ашкан[6]. Окутуучулук кесип-тарыхтагы эн байыркы кесиптердин бири. Окутуучулар өз элинин маданий байлыктарын кийинки муундарга жандуу түрдө өткөрүп берген инсандар болушкан. Ошол баалуулуктардын жана нормалардын түбөлүк жана чексиз болуусу мугалимдердин жетишкендиктеринен көз каранды. Мугалим деген сөз сөздүктө бир эле маанини бергени менен көп түрдүү аныктамаларга ээ. Мугалим-расмий же болбосо өзгөчө билим берүү мекемесинде окуучулардын, жаштардын же болбосо бойго жеткендердин өздөрү самагандай жашоолоруна ээ болуусу үчүн жол көрсөткөн жана багыт берүүгө милдеттүү болгон адам. Мугалимдик кесип деген өз кесибине эмне керек болсо баарын үйрөнүп, же болбосо жетишкендиктерге ээ болуу менен окутуучулук кыла алуу даражасына көтөрүлгөн кесипти билдирет[7]. Башка бир аныктамада болсо мугалим сөзү так бир кесип формасына ээ болгон, жеке адамды же коомдук белгиленген максатка пландуу, программалуу, методдуу жана ан сезимдүү түрдө жеткирүүгө аракет кылган кызматкер жана искусство адамы деп айтылат[8]. Бир улуттун келечегине форма жана түр берген, таалим-тарбия берүү ишинин кесиптик жана искусстволук тараптарын өздөштүргөн, адамдарга он сапаттарды, жүрүм-турумдарды үйрөтүүнү өзүнө максат кылып алган, өз милдетин аткарган адам болуп саналат. Буга окшогон аныктамаларды белгилей кетүүбүздүн максаты мугалим таалим-тарбия берүү системасынын бир бөлүгү экендигин айта кетүү болуп саналат. Чынындыгында эле мугалим азыркы таалим-тарбия түшүнүгүндө окутуу ыкмасын өздөштүргөн обьект болуп саналат. Таалим-

---

[6] Karagöz, 1999, s., 1.)

[7] A. Ferhan Oğuzkan, ***Eğitim Terimleri Sözlüğü***, TDK Yayınları, Ankara, 1981;121)

[8] Mustafa Öcal, ***Temel ve Ortaöğretimde Din Eğitim ve Öğretiminde Metotlar,*** TDV Yayınları, Ankara, 1990, s.33).

тарбия берүү системасынын негизги элементи мугалим болгондугу тарбиянын келечегинен кубаныч берет.

Окуутучулук кесиптер арасындагы орду жаны болгону менен кызматы тарабынан байыркы мезгилге барып такалат. Тарыхта бул кесипти жараткан бир канча педагогдор бар.

Байыртадан эле коомдун башчылары, аксакалдары, мамлекет башчылары, билимдүүлөрү да мугалимдер болушкан. Өтмүштө адамдарды денелик, руханий жана сезимдик мааниде тарбияланышып, маанилүү коомдук өзгөрүүлөргө шарт түзгөн диний башчылар менен пайгамбарлар да мугалимдер болушкан. Адамзаттын атасы болгон алгачкы инсан Аз. Адамдын бир учурда пайгамбар жана тарбиячы болгондугун, негизги тарыхый өзгөчөлүктөрдү алып жүргөн адам болгондугун көрөбүз. Таалим-тарбия берүү ишинде пайгамбарлар алдынкылардан болушкан. Эн алгач инсандар кимдер тарабынан тарбияланган деген суроого пайгамбарлар тарабынан деген жоопту берсек, педагогика тарыхынан болбосо да, диндер тарыхы тарабынан алганда жаңылыштык кетирген болбойбуз[9]. Себеби ар бир пайгамбар өзү алып келген дининин окутуучусу болгон. Алар адамдарда диний жүрүм-турумдардын түбөлүккө жашап калуусун каалашкан. Бир гана жүрүм-турумду үйрөтүүнү эмес, кылык-жорукту, ондоолорду, жаны жүрүм-турумдарды үйрөтүү максатын көздөшкөн.

Пайгамбарлардын милдети диндердин адамдар адамча жашай алуусу үчүн курал экендигин үйрөтүү болгон. Пайгамбарлар адамдарды бөлүштүрбөстөн бардык адамдарды дин үйрөткөн нерселерди үйрөнүүгө чакырууга милдеттүү болгону үчүн бул багыттагы алардын таасирлерин таалим-тарбия, үйрөтүү иш-аракеттери катарында баалоого болот.

Муну менен бирге Аз. Пайгамбардын милдетин алгачкы мугалимдик эмгек катары баалашыбыз мүмкүн. Ислам педагогикасы тарыхынын алгачкы окутуучусу болгон Аз. Мухаммеддин[10] тарбия берүүчү жүрүм-турумдарынын чагылдырылышы тарыхты жакшы түшүнүүбүзгө да, учурдагы мугалимдердин моделин түзүүгө да жардам берет. Себеби Аз. Пайгамбардын үйрөтүүчүлүгү учурдагы мугалимдерге жол көрсөткүч катары роль ойнойт.

### Азирети пайгамбардын таалим-тарбиясынын адам борбордон орун алган ыкмасы.

Аз. Пайгамбардын адам борбордон орун алган тарбия түшүнүгүндө негизги эки маселе көнүлүбүздү бурдурат. Биринчиси бул тарбия бардык адамдарды өз ичине алган. Аз пайгамбардын таалим-тарбия берүү ыкмасынын кендиги адамдар арасындагы социалдык жана катмарлык бөлүнүштөрдү жокко чыгаруучу мүнөздө болгондугу. Адамдар бардыгы таалим-тарбия жана үйрөнүү методу аркылуу тыгыз байланышта болушкан.

---

[9] Yahya Akyüz, ***Türk Eğitim Tarihi***, Alfa, Istanbul, 2001, s.2.

[10] Beyza Bilgin, ***Eğitim Bilimi ve Din Eğitimi***, Gün Yayıncılık, Ankara, 1998, s.12.

Аз. Пайгамбардын таалим-тарбиясы ушул тарабы аркылуу максаттуу болгон.

Аз. Пайгамбардын тарбиялоо ыкмасында адамдар бөлүштүрүлбөгөндүктөн диний тарбия берүү ийгиликтүү болгон[11].

Мунун эн сонун мисалы Аз. Пайгамбардан таалим-тарбия алган алгачкы кишилердин (алгачкы мусулмандар) өкүлдүгү жана социалдык абалдар болгон. Алар классикалык өмүр баян китептеринде аты белгисиз болгон, алгачкы мусулмандар Аз. Катча, Аз. Абу Бакир, Аз. Али, Аз. Зейт сыяктуу инсандар[12] болгон, бул аркылуу Аз. Мухаммеддин таалим-тарбия берүү системасы бардык социалдык топторду өз ичине камтыганы көрүнүп турат. Аз. Катча анын аялы, Аз. Абу Бакир бай адам, Аз. Али күйөө баласы, Аз. Зейт болсо кул болгон. Бул адамдар аркылуу биз Аз. Пайгамбардын педагогикасынын борборунда адам орун алгандыгын көрө алабыз. Алгачкы таалим-тарбия берүү иш-аракетинин Аз. Катча аркылуу башталгандыгы Аз. Пайгамбардын келечектеги тарбия системасын белгилей кеткендиги менен маанилүү. Бул стратегия жакын чөйрөдөн алыска карай кетүү формасында болгон. Таалим-тарбия берүү иш-аракетинин Аз. Катча аркылуу башталуусу педагогикадагыдай эле дин педагогикасында да маанилүү тарбия борбору үй-бүлө экендигин көрсөтүп турат. Аз. Катчанын алгачкы таалим-тарбияны алуусу жыныстык көз караштан канчалык маанилүү болсо, социалдык маданий көз караштан да ошончолук маанилүү болуп саналат.

Белгилүү болгондой эле Аз. Пайгамбардан мурда аялдарга байланышкан көптөгөн кыйынчылыктар болгон. Бул кыйынчылыктар башкаларга караганда көбүрөөк аялдардын бар экендигине байланыштуу болгон. Өзгөчө аялдардын социалдык укуктары төмөн болгон. Эркекке эркиндик берилген бул коомдо аялдар төмөн болгон, ал эми эркектерге бийлик берилген. Мына ушундай чөйрөдө ар тараптуу идеяны аткарган бул дин аялдарды биринчи орунга койгон. Тарбия алууда жана тарбиялоодо аял, эркек деп бөлүнбөсүн деген кабарды тараткан. Бул абал аялдардын Аз. Пайгамбардын таалим тарбиясына болгон кызыгууларын ойготуу. Кызыгуунун муктаждыкка айлануусу таалим-тарбия берүүнү женилдетти. Ислам тарыхынын булактары Аз. Абу Бакирдин экономикалык жактан жетишкен киши болгондугун айтат[13]. Азыркы учурдагыдай эле байыркы мезгилде да байлык жактан жетиштүү болуу социалдык статус жактан жогорулоо дегенди билдирген. Акчалай жетишкендик бул тил алуу эмес, өз тилин алдыруу деген маанини билдиргендиктен кедей жана жетим адамдардын айткан сөздөрүнө бай адамдын ишенүүсү, анын айткандарын аткаруусу такыр мүмкүн эмес болгон. Бул көз караш боюнча Аз. Абу Бакир Аз. Пайгамбардын таалим-тарбия берүү иш-аракетин жүзөгө ашырууда, анын алдынкылардын арасынан орун алуусу маанилүү көрүнүш болгон. Анткени бул жагдай жаныча таалим-тарбия түшүнүгүн байлар да маанилүү

[11] Beyza Bilgin, ***Eğitim ve Din Eğitimi***, s.22.
[12] Sabri Hizmetli, ***İslam Tarihi***, Ankara, 1999, s.245.
[13] Sabri Hizmetli, ***İslam Tarihi***, s.248.

деп эсептешкендигин көрсөтүп турат. Ошентип өзгөчө кедейлердин жана ар түрдүү себептер менен экинчи катмарларга жасалган мамилени көргөн адамдардын мусулман болуусуна шарт түзүлгөн. Мындай адамдар да байлар менен окшош чөйрөдө болуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат. Башка тарабынан алганда исламга байлардын да ишенгендиги коомдук мыйзамды бекемдеп турган. Аз. Абу Бакирдин алгачкы мусулмандардын бири болуусу Аз. Пайгамбардын пайгамбарлыкка байланыштуу сөздөрүнүн талаш-тартышынын башталышын, ошондой эле анын байланыш борборун абалына келтирүүсүн билдирген.

Ислам таалим-тарбиясы жашы жеткендердин таалим-тарбиясы болуп [14], башталгандыгынан улам Аз. Пайгамбардын таалим-тарбия берүү иш-аракети жаш балдарды өз ичине алган эмес деген пикир туура эмес. Анткени азирети пайгамбардын алгачкы таалим-тарбиясын алгандардын арасында Али алты жашка толо элек Аз. Алинин да болуусу мунун ачык далили болуп саналат[15].

Азирети пайгамбардын таалим-тарбиясындагы өзгөчө мисал Аз. Зейттин мисалы. Тарыхта Аз. Зейттин кул болгондугу жана Аз. Пайгамбарга алгачкы ишенгендердин бири катарында өз ордун табуусу ошол мезгилдеги көз караштан да, бүгүнкү өнүккөн доордун таалим-тарбия түшүнүгүндө да өтө маанилүү. Аз. Пайгамбар жашаган доордо кулдук коом өзгөчөлүккө ээ болгон. Коомдошууда кулдардын пикири эсепке алынган эмес. Кулдарга буйрук гана берилген, алар эч жерге чакырылган эмес. Кулдар эзилген топту түзүшкөн. Эч ким аларды баалаган эмес. Эзилген топ керектүү болгон топ болгону үчүн баалуу болгон. Бирок алар баалуу болсо да, урматтай турган эч ким болгон эмес. Коомдук түзүлүштүн маанилүү бөлүгүн кулдар же болбосо өздөрүн кулдай сезген адамдар түзгөн. Бул чөйрө калын топту түзгөн. Зейт да кул болгондугуна карабастан Аз. Пайгамбар тарабынан исламга алгачкы чакырылгандардан болуусу, анын да пикиринин эсептелиниши, кулдуктан куткарылуусу башка кулдардын да исламга болгон кызыгуусун ойготкон.

Аз. Пайгамбардын таалим-тарбия түшүнүгүндө тендик болгон. Бул таалим-тарбия адамдардын бир гана диний каалоолорун эле эмес, жекече жана социалдык жашоосун да өз ичине алган. Себеби ал (Аз. Пайгамбар) «Ааламга ырайым катары жөнөтүлгөн[16].» Бүгүн дүйнө жүзүндө ишенгендеринин саны аз же көп болгон ислам динине ишенген жана аны жашоосунда колдонуп жашаган мусулмандардын бардыгы Аз. Мухаммеддин таалим-тарбиясынын таасиринде.

Аз. Пайгамбардын борборунан адам орун алган таалим-тарбия ыкмасындагы өзгөчө элемент-анын адамдарды өзүнүн жүрүм-турумдары аркылуу тарбиялоосу. Аз. Пайгамбар коомду үйрөнүүгө көбүрөөк маани берген. Ал адамдарга бир гана билимди эле бербестен, бир эле учурда өзүнүн

[14] B. Bilgin, s. 22.
[15] B. Bilgin-Mualla Selçuk, ***Din Öğretimi***, Gün Yayıncılık, Ankara, 2000, s. 74.
[16] Kur'an'ı Kerim, Enam Suresi, Ayet; 108.

үйрөткөн нерселерин практика жүзүндө көрсөтүп, үлгүлүү тарбияны бере алган. «Мен эмнени кылсам, силер да ошону кылгыла[17]» деп үйрөткөн. Себеби анын жүрүм-турумдары, кылык-жоруктары үлгүлүү даражада болгон. Аз. Пайгамбар ар дайым: «Мени Раббим тарбиялады, ушунчалык сонун тарбиялады» деп өзүнүн таалим-тарбиясынын булагы жөнүндө айтып кеткен. Аз. Пайгамбардын тарбиясы абстрактуу болбостон чыныгы көз караште өнүккөн жана коомдук жашоону өз ичине алган, туура жүрүм-турумдарды кабыл алып, туура эместеринен качкан.

Аз. Пайгамбардын Алла тарабынан тарбиялангандыгы аны инсандык өзгөчөлүктөрдөн алыс экендигин билдирбейт. Ал инсан катарында адамдарга үлгү болгон, ошону менен бирге эле өзүнүн таалим-тарбия берүү ишин жер менен чектеген эмес. Башкача айтканда ал ар дайым «Мен да бир адаммын[18]» деп, өтмүштө адамдардын пайгамбарларга кудай катарында ишенген абалынын кайра кайталануусун каалаган эмес. Себеби бир адамдын башка адам тарабынан кудай катары кабыл алынуусу ал пайгамбарды адамдыктан алыс болгон бирөө катарында көрсөтүп коет. Бул жүрүм-турум тарбиясында терс көрүнүш катарында бааланат. Аз. Пайгамбар өзүнүн башка адамдар сыяктуу эле инсан экендигине кайра-кайра басым жасоосу бул көз караштан алганда атайын тарбиялык мааниси жана манызы бар. Ал «Мен окутуучу катарында жөнөтүлдүм[19]» десе да негизинде Алладан алган аяндарын ишке ашырууга милдеттүү болгондугун түшүндүргөн. Ал өзгөчө адамдардагы терс жүрүм-турумдарды, кылык-жоруктарды өзгөртүүгө боло басым жасаган. Муну болсо учурдагы ахлак жана жүрүм-турум тарбиясында өзгөчө маани берилиши керек болгон үйрөнүү ыкмасы деп бааласа болот[20].

**Азирети пайгамбардын таалим-тарбия түшүнүгүндө ишенич термини**

Таалим-тарбиячыларда, мугалимдерде болушу керек болгон эн маанилүү өзгөчөлүктөрдүн бири ишенич экендигин кайсы жерде болбосун тастыкташат, бул жөнүндө баары бир пикирде[21]. Ишеничи жок мугалимдердин окуучуларды он сапаттарды пайда кылуусу мүмкүн эмес. Мугалимге болгон ишенимсиздик окуучулардын үйрөнүүсүнө тоскоолдук алып келет. Ишенимдүүлүк мугалимдик кесиптин эн негизги шарттарынын бири болуп эсептелет[22]. Жакшы мугалим-айткан нерсеси менен кылган ишинин ортосунда карама-каршылык болбогон мугалим. Мындай мугалим окуучуларга үлгү боло алат.

Жетишкен үлгүлүү мугалимдин өзгөчөлүктөрү.

1. Адамга жакын, түшүнүктүү, достук мамиле жасаган,

---

[17] Ebu Davut, Tahare, 51.
[18] K. Kerim, İsra, Suresi, Ayet 93; Kehf; 110; Fussilet, 6.
[19] İbn. Mace, Mukaddime, 17.
[20] Bkz. Macit Yılmaz, "Ahlak Eğitimi", ***Oş Devlet Üniversitesi İlahiyat Fakültesi İlmi Dergi***, 6. cilt, Oş,2000, s.92 vd.
[21] Bkz, Cavit Binbaşıoğlu, ***Genel Öğretim Bilgisi***, Binbaşıoğlu Yay. Ankara, 1983, s., 244.
[22] Bkz. Leyla Küçükahmet, ***Öğretim İlke ve Yöntemleri***, Gazi Üniv. Yay. Ankara, 1989, s.,15

2. Ишеничтүү, өз милдетин сезген, ишине так, принципиалдуу жана план менен иштеген.

3. Аракетчил, ар тараптуу, жаратуучу, окуучулар менен тыгыз мамиле курган.

Бул жерде өзгөчө ишенимдүү адам түшүнүгү өтө маанилүү. Ислам философу Газалли дагы жетишкен мугалимдин сапаттарын төмөндөгүчө белгилеп кеткен: «Мугалим окуучуларына мээримдүү адам. Аларды, окуучуларды, өзүнүн баласындай көргөн, тарбиялоо жана окутуу менен байланышка жүрүм-турумдардында пайдалуу нерселерди үлгү кылып алган адам. Окуучуларына ар кандай темада жардам көрсөткөн, жол ачып бере билген, аларды жаман кылык жоруктардан сактай билген адам. Таалим-тарбия берүүдө жана окутуусунда окуучулардын жекече өзгөчөлүктөрүнө маани берген, окуучуларда билими жетишпей, билбей калган учурда уятка калтырбаган жана билимине карап иш жүргүзүп[23], өзүнүн сөзү менен кылган иштери дал келген адам.

Көрүнүп тургандай эле классикалык тарбия түшүнүгүндө жана өнүккөн доордун таалим-тарбия берүү ыкмасында мугалимде сөзсүз болушу керек болгон өзгөчөлүктөрдүн бири болуп «ишенич» түшүнүгү эсептелет. Аз. Пайгамбар пайгамбарчылык мезгилинде «Мухаммедул Амин» (Ишенимдүү Мухаммед) деген данкка ээ болуусу кокустук эмес. Аз. Мухаммед адам да, Курандын үйрөтүүчүсү да болуп аталышынан чөйрөсүндөгүлөрдүн ага болгон ишенимин жана анын ишенимдүүлүгүн көрө алабыз.

Аз. Мухаммед алгачкы аянды алганда, бул жөнүндө аялы Аз. Катчага айтканда, ал мындайча жооп берген: «Андай дебе, сүйүн. Касам ичип айтамын Алла эч качан уят кылбайт. Себеби сен туугандарына жардам бересин, туура сүйлөйсүн, кыйналгандарга жардам бересин, кедейлерге кол кабыш кыласын, адамдардын ээ боло албай жүргөн нерселерине ээ болуусу үчүн жардам бересин, конокторду сыйлайсын, адилеттик жөнүндө адамдарга айтасын[24]». Аз. Катчанын бул сөздөрү аялы катары аны колдоосу, бекемдөөсү эмес, инсан катарында ага болгон ишенимин көрсөтүп турат.

Аз. Мухаммед жашаган чөйрөдө өз чөйрөсүндөгүлөрдүн баарына ишеним берген мугалим катары саналышы ислам дининин аз убакыт аралыгында башка өлкөлөргө тарашына себеп болгон, маанилүү роль ойногон. Аз. Мухаммеддин ишенимдүүлүгүн көрсөткөн, күчөткөн элементтердин жашоо жана келечек менен байланышкан кабарларды бере турган мазмунда болгондугу жана анда акылман негиздердин бар экендиги.

Окутуу темасына айланган маалыматтардын маселени чечүүчү жана анда акылга таандык ченемдин бар болуусу үйрөнүүгө болгон кызыгууну, каалоону ойготууга түрткү болгон. Коом курандык бул маалыматтар аркылуу жакшылыкка жетишкен, дагы бир тарабынан жаны ачылыштарга ээ болгон. адамдар бул маалыматтар аркылуу жаныча жүрүм-турумдарга да ээ болгон. аз. Мухаммеддин үйрөткөн нерселери адамдарды канааттандырган

---

[23] Gazali, ***İhya-i u Ulumid'din***, c:1.42–45

[24] Buhari, Bedü'l- Vahyi, 3; Müslim,İman, 253

аны менен катар эле алардын проблемаларын чечип берген. Жаны үйрөнүлгөн ар бир аят мусулмандар үчүн чон кубанычты алып келген жана жаны келе турган аяттарды үйрөнүүгө кызыгууну пайда кылган.

Аз. Пайгамбардын таалим-тарбиясында ишеним түшүнүгү байланыш куруу маанисин да билдирет. Үйрөтүүчүлүк ишинде үйрөнүп жаткан адамдын үйрөтүүчүгө болгон ишеними маанилүү. Аз. Пайгамбар адамдар менен мамилешүү ишинде ийгиликтерге жетишкен. Байланыш менен үйрөнүүнүн арасындагы жакындыкты көнүлгө алганда ишенимдүү болуунун мааниси зор. Аз. Пайгамбар мугалим катары адамдарга сүйүү аркылуу жакындаган. Аларга ар дайым күнө караган, алардын өзү менен тыгыз мамиледе болушу үчүн мүмкүнчүлүк берген. Ошол себептен кээде жакындагыларга жагымдуу тамашаларды колдонгон[25].

**Аз. Пайгамбардын таалим-тарбиясынын методу**.

Метод деген сөз сөздүктө бир максатка жетишүү үчүн колдонулган тегиз жол[26] деген маанини билдирет. Окутуу түшүнүгү катары метод бир теманы үйрөнүү жана үйрөтүү сыяктуу максаттарга жетишүү үчүн ан-сезимдүү түрдө тандалган жана күзөтүлгөн жол[27] маанисин берет. Методдун түшүнүктүк аталышы менен Аз. Пайгамбардын адамдардын диний жүрүм-турумдарга ээ болуусунда колдонгон жүрүм-турумдарын метод деп айтууга болот.

Бардыгынан мурда Аз. Пайгамбардын максаты жана ошол максатка жетише билүү үчүн тутунган жолу болгон. Бул жолду туура эмес деп бааласак жанылышабыз. Анткени ар бир пайгамбар өзүнө ылайык методу жана ыкмалары менен таалим-тарбия берүүгө аракеттенген. Алар көбүнчө адамдардын инсандык өзгөчөлүктөрүнө байланышкан методдорду колдонушкан. Көпчүлүк адамдар таалим-тарбия иш-аракети методсуз болбойт деген пикирде. Бул көз караш боюнча метод таалим-тарбия берүүнүн негизги элементи болуп саналат.

Окутуу түшүнүгү катары каралган метод так жыйынтыкка жетүү, проблеманы чечүү, ар кандай ишти байкоо, аракеттердин жыйынтыгы үчүн ан-сезим аркылуу ондолгон, түзөтүлгөн жол, колдонулган техника, усул, ыкма дегенди билдирет.

Аз. Мухаммед да окутуучу катары ар түрдүү методдорду колдонгон. Алладан алган аяндардын чөйрөсүндөгүлөргө эн жакындарынан баштап түшүндүрүп, таалим-тарбия берүү иш-аракеттерин баштаган. Ошентип ал алгач түздөн-түз түшүндүрүү, кайталоо сыяктуу окутуу методдорун колдонгон.

Көрүнүп тургандай эле адамдар бири-бири менен байланыш түзө билүүсү үчүн сезимин жана пикирлерин башкаларга түшүндүрө билүүсү керек. Муну бир гана түшүндүрүү аркылуу ишке ашырууга болот. Аз. Пайгамбар да ошондой кылган. Тагыраак айтканда Аз. Мухаммед ислам динин айланасындагыларга үйрөтө билүү үчүн Алланын сөздөрүн аларга

---

[25] Abdullah Özbek,*Bir Eğitimci Olarak Hz. Muhammet*, Selam Yayınevi, İstanbul, 1991,s, 62
[26] *Türkçe Sözlük*,T.D.K.; 1979; 811
[27] K. Kerim, Müddesir Suresi, Ayet, 2; ŞuaraSuresi, Ayet, 214

түшүндүргөн. Аз. Пайгамбар түшүндүрүп жатканда жагымсыз эмес жагымдуу, кыйын эмес оной сөздөрдү колдонгон. Ошентип аны уккандар зериккен эмес. Ошондуктан ал ар дайым женил, түшүнүктүү, жогорку денгээлде болушуна көнүл бурган.

Кураны-Керим окуу жөнүндө осуят бергенден кийин окулган аяттардын адамдарга түшүндүрүлүшү талап кылынган[28]. Ал түшүнүдүрүп жатканда жогоруда айтылган принциптерге тыкандык менен көнүл бурган[29]. Аз. Пайгамбардын сөздөрү кыска жана мазмундуу болгон. Сүйлөмдөрү ирээттүү жана таасирдүү болгон. Ал сүйлөп жатканда угуучуларды эч качан капа кылган эмес[30]. Назик сүйлөгөн. Ар түрдүү маданияттагылар да андан пайдаланышкан.

Аз. Пайгамбардын окутуусунда көп колдонулган методдордун бири-суроо-жооп методу. Бул метод окутууда көп колдонулган методдордун бири болуп саналат. Үйрөнүүнүн негизин суроо түзөт десек да болот. Бул көз караш суроо үйрөтүүнүн жооп үйрөтүүнү ишке ашырууну бекемдеген баалуу метод болуп эсептелет. «Суроо айып эмес, үйрөнбөгөндүн айып деген макал муну бекемдейт.

Кураны-Керим адамдарга сурап билүүнү колдогон. Эгер билбесенер билимдүүлөрдөн сурагыла[31]» айрыкча бир канча аяттар суроолордун жообу катарында болгон. Аз. Пайгамбар мугалим катарында чөйрөсүндөгүлөрдүн суроолоруна убакыт менен мейкиндикке карабастан жооп берген. Себеби ал диний темадагы эн таасирдүү адам болгон[32]. Диний темада ар түрдүү түшүнбөстүктөрү болгон пайгамбардын замандаштары ага суроолорду беришкен. Ал болсо аларды түшүнө билүү менен жооп берген. Педагогикада суроо берүү бир гана үйрөнүү же болбосо билимди өлчөө курамы катарында каралбайт. Кээде бар болгон билимди ачыкка чыгаруу, сындоо башкалардын үйрөнүүсү үчүн да суроо берилиши мүмкүн. Аз. Пайгамбар да ар дайым суроо усулун колдонгон. Өзүнө жекече берилген суроого мечиттеги кутба окулуучу текчедеги сөздөрү аркылуу жооп берген. Бул аркылуу көптөгөн адамдардын түшүнбөгөн суроолорун канааттандырган. Мунун эн жакшы мисалынын бири Жирил хадиси катары таанылган Жебирейил менен болгон диалогу болуп саналат.

Ал берилген суроолорду каалоо ойготуу үчүн курал катары да колдонгон. Мисалы, коштошуу ажысында «Бул кайсы ай?» деп сурашат. Ал жерде бул суроону уккандар ай алмашыптыр деп ойлоп жатышканда «Бул ай Зилхажка айы эмеспи?» деп суроо бергенде замандаштары «Ооба, ошондой» дешкен. Аз. Пайгамбар берилген суроолорго кээде суроо менен жооп берген. Мисалы, «Кыямат качан болот?» деп сураган бир адамга «Сен акырет күнү үчүн эмне даярдадын?» деп жооп берген.

---

[28] K. Kerim, Enam Suresi Ayet,70; Kaf Suresi Ayet,45; Zariat Suresi Ayet,55

[29] K. Kerim, Necm Suresi, Ayet,4

[30] K. Kerim. Nahl Suresi, Ayeti,43; Enbiya Suresi Ayet ,7

[31] A. Özbek, ***Bir Eğitimci Olarak Hz. Muhammed***, s. 149).

[32] A. Özbek, a.g.e. s. 151

Аз. Мухаммед таалим-тарбия берүүдө жогоруда айтылган методдорду гана колдонгон эмес. Муну менен бирге өкүлдүк методун, изоляция методун ангеме методун, үлгү көрсөтүү методун, башынан өткөрүү аркылуу үйрөнүү методун жана башка ушундай сыяктуу методдорду колдонгон. Бул жерде маани бериле турган көрүнүш Аз. Пайгамбардын колдонгон методдорунун бүгүнкү күндө да өз маанисин жоготпогондугу. Ал адам үчүн керек болгон төмөндөгү тарбиялоо принциптерин да колдонгон. Жакындардан-узактагыларга, онойдон-кыйынга, билген нерсе-деп билбеген нерсеге, сүйдүрүүгө, ынандырууга, көрүнгөн нерседен көрүнбөгөн нерсеге карай аракет кылуу.

Аз. Пайгамбардын таалим-тарбия түшүнүгү менен учурдагы педагогика илимдеринин маалыматтарынын окшоштугу Аз. Пайгамбар кийинки доорлордо да өкүм сүрөт деген жоромолдорду жаратат.

Мунун табигый көрүнүш катары баалашыбыз керек. Кайсы бир динге ишенгендер ошол диндин пайгамбарын жогору баалашкан. Пайгамбарлар керемет да көрсөтүшөт. Бирок окутуу багытында жасаган принцип жана меттодору азыркы учурда да аткарылып жаткандыгы анын доордун келечегин көрө билүүсүнөн же болбосо керемет көрсөтүүсүнөн улам эмес, таалим-тарбия бере турган обьект адам болгондуктан. Себеби адамдардын тарбиялоого боло турган өзгөчөлүгүнөн башка өзгөчөлүгү жок. Аз. Пайгамбар менен учурдагы таалим-тарбияны окшоштурган орток элемент-инсан жана анын мүнөздөрү, тагыраак айтканда жаратылыш. Жаратылыш өзгөрүлбөйт. Бирок ар бир адамда болгон баалуулуктардын тизмеси өзгөрүлүп турат. Өзгөрүлгөн нерсе убакыт жана айлана-чөйрө. Ошондой эле өзгөрүлүүчү нерсе адамдардын кызыгуулары менен каалоолору. Чөйрөдөгү факторлор, ага байланыштуу өзгөргөн жана өнүккөн кызыгуулар, каалоолор, ички жана сырткы билдирүүлөр үйрөнүүнү дагы да женилдетип, түбөлүктүүлүккө алып келет. Үйрөнүүгө болгон кызыгуу кечээкиге караганда бүгүн көбүрөөк экендигин айтсак болот. Ошондуктан окутуу системасындагы өнүгүүлөрдө айырмачылыктар келип чыгууда. Мына ушул тарбия Аз. Пайгамбардын үлгүлүү тарбиячы катарында жашаган чөйрөсүнүн социалдык-маданий абалын көнүлгө алып ишке ашырган таалим-тарбиясы.

**Жыйынтык**

Аз. Пайгамбардын ишке ашырган таалим-тарбиясынын доорубузга чагылган үлгүлөрү жөнүндө айтып кеткен бул эмгектин акырында төмөнкүлөрдү айта кетсек болот.

Аз. Пайгамбарыбыз пайгамбар, да мугалим да болуу менен бирге адам борбордо орун алган ыкманы тандап алган. Таалим тарбияны ишке ашырууда бул нерсени ал көрсөтүп кеткен. Инсан борбордон орун алган бул ыкма 18 кылымда башталган жана бүгүнкү күндө да өз таасирин жоготкон эмес. Мектептердеги окуучу борбордон орун алган түшүнүк жана аны ишке ашыруу окутууда мунун натыйжасы катары кабыл алынган. Адамды

борборго алган эмгектердин ийгиликке жетүү мүмкүнчүлүгү чон. Айрыкча окутууну ишке ашырууда адамга терен көңүл бурган ыкмалар мүнөздү ондоодо өзүнүн зор салымын кошот. Себеби тарбиянын борборунда да адам турат. Бул ыкма адамды четке какпайт. Адам борбордон орун алган ыкма деген адамдын маанилүүлүгүн жоготпостон, аны түшүнүү жана түшүнө турган абалга алып келүү дегенди билдирет. Аз. Пайгамбар да диндин борборунда болгон адамды өзүнүн үйрөтүүлөрүнүн борборуна алуу менен кыска убакыт аралыгында негиздүү өзгөчөлүктөрдү жасоого жетише билген.

Аз.пайгамбардын экинчи маанилүү болгон ыкмасы ишенич ыкмасы болуп саналат. Ал ишенич жүрүм-турумун бир ыкманын үлгүсү катары кароо менен бирге, социалдык үйрөнүүнүн негизги элементи катары эсептеген. Ушул себептен ал адамдык ишеничти модел кылып алуу менен үйрөнүүдө бир метод катары колдонгон. Модел кылып алуу аркылуу үйрөнүү, жүрүм-турумдук үйрөнүү бөлүгүнүн экинчи негизги бөлүгүн түзөт. Адамдар көбүрөөк жакындыгы чөйрөдөн узакка карай тууроо жана аракет кылуу жолу аркылуу үлгү алып үйрөнгөндүгүн айткан Бандура 20-кылымда ж-турум тарбия теориясын шарттуу үйрөнүүдөн кийин экинчи ачылышты жасаган.

Ишенич түшүнүгүн модел кылып алып үйрөнүү мезгилинде байланыштуу үйрөнүүнү жеңилдеттирүүчү бир өзгөчөлүк болуп саналат. Тарбиялануучу менен тарбиялоочунун арасында пайда болгон ишенич артка чегинүүнү жеңилдеттирүүдө жана үйрөнүүнү дагы женил, түбөлүк абалга алып келет. Бул көз караштан алганда ишенич түшүнүгүнүн ичине тарбиялоочулардын адамдык ишеничтери, Берген билимдеринин проблеманы чечүүчү жана муктаждыкты толтура билген мүнөздө болуусу, адамдардын эң көп сезимдери каалоолорунун бири катарында каралуусу, окутуу жана үйрөтүүдө ишенич түшүнүгүн жаңыдан тартышууга алып келүү көз карашы манилүү болуп саналат. Муну Аз.пайгамбардын өзүнүн жеке өзү аткаруусу, окутуу жана дин үйрөтүүчүлөрү тарабынан көңүлгө алынуусу керек болгон жагдай катары каралат. Аз.пайгамбар үйрөтүүчү катары тарбия берүү жаатындагы инсандардын жекече өзгөчөлүктөрүн да эсепке алган. Өзү жашаган коомдогу жашаган адамдардын психо-социологиялык жана маданий өзгөчөлүктөрүн эң жакшы билген, ошондуктан аларды түшүнө билген абалда жана деңгээлде тарбия жана билим Берген. Каада-салттык окутуу түшүнүгү ийгиликтин сырын окуучунун акылына жана эмгегине байланыштырат. Башка бир көз караштан алганда ийгиликтин мугалимден келе тургандыгы эскерилет. Жакшы мугалим ийгиликке жетиштире турган тажрыйбага ээ. Бирок мугалимдин өзгөчөлүктөрүнүн кандай болушу керектиги жөнүндө жетишерлик анализдер дагы деле теориялык чөйрөдө калууда. Критерийлердин эмнелер экендиги жөнүндөгү темада жетишерлик өлчөмдө өзгөрүүлөр болушу мүмкүн. Бул темадагы изилдөөлөргө караганда изилдөөлөрдүн дагы көбүрөөгү «таасирдүү мугалимдин өзгөчөлүктөрү» жөнүндө аныктама берип кетет. Колдочу маалыматтар таасирлүү мугалимдин өзгөчөлүгү катары: толкундануу, ак

жүрөктүүлүк, ишенимдүүлүк, идеализм, сабыр жана ситуациядан чыга билүү, иш билгилик, кайрат берүү жана билимдүүлүк катарында каралган. Таасирдүү мугалимдин жетишкендиктеринин арасындагы айырмачылыктардын бардыгынын бир мугалимде болушу керек болгон сапаттары катары кабыл алуу менен биздин оюбузда бир мугалимде жогоруда айтууга аракеттенгенибиз Адам борбордо болгон ыкма, ишенич жана методикалык иштерди кыла билген билим, кылык-жорук, жүрүм-турум жана аткарууну билүү мугалимде болушу керек болгон өзгөчөлүктөр болуп саналат.